DOI:10.26104/NNTIK.2022.41.83.038

*Исаков К.А., Исраилова Н., Матаев М.А.*

# ОРТО КЫЛЫМ ИСКУССТВОСУНА АНТИКАЛЫК ОКУУЛАРДЫН ТААСИРИ

*Исаков К.А., Исраилова Н., Матаев М.А.*

# ВЛИЯНИЕ АНТИЧНЫХ УЧЕНИЙ НА СРЕДНЕВЕКОВОЕ ИСКУССТВО

*K. Isakov, N. Israilova, M. Mataev*

# THE INFLUENCE OF ANCIENT TEACHINGS ON MEDIEVAL ART

*УДК:(1-925,2)*

*Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын гана эмес, орто кылымдагы бүткүл араб-мусулман эстетикалык көз караштарынын калыптанышында Платондун жана Аристотелдин окуулары маанилүү роль ойногон. Платондун эстетикасы антикалык доордогу жогорку классиканын үлгүсүнө кирет, ал пифагордук «чөйрө» жана гераклиттик агым теорияларынан баш тарткан. Өз доорунун улуу философу космосту физикалык жана маанилүү бөлүктөргө ажыратып караган жана кайра алардын окшоштуктарын тапкан. Демек, Платон боюнча эстетикалык аң-сезим булички жана сырткы нерселердин, билим менен сезимталдыктын, бүтүн менен бөлүктүн, кыялдагы нерсе менен реалдуулуктун биримдиги. Платондун эстетикалык окуусу так жана өзгөрүлбөс система эмес, анын эстетикалык көз караштары ар түрдүү, кээде анда карама-каршылыктарды да байкоого болот. Эстетикалык ар түрдүүлүктүн ичине «сан», «ыргак», «өлчөм», «гармония» категориялары кирген.*

***Негизги сөздөр:** космикалык ритм, эстетикалык идеал, симметрия, музыкалык гармония, геометризм, эстетикалык доктрина, онтологиялык эстетика, риторика, калокагатия, катарсис, мимесис.*

*Значительную роль сыграли учения Платона и Аристотеля в формировании эстетических взглядов не только Аль-Фараби и Ибн Сины, но и всего арабско-мусульманского мира средних веков. Эстетика Платона входит в образцы высокой классики античной эпохи, он отказывался от пифагорейской теории «сферы» и гераклитовской теории течения. Великий философ своей эпохи рассматривал космос, разделяя на физические и существенные части и, воссоединив их обратно, нашел схожести. Значит, по Платону эстетическое сознание – это единство внутренних и внешних вещей, знания и чувствительности, целого и частного, воображаемого и реального. Эстетическое учение Платона не является точной и неизменимой системой, его эстетические взгляды разные, иногда наблюдаются в них и противоречия. В ряд эстетического разнообразия входили категории «число», «ритм», «мера», «гармония».*

***Ключевые слова:** космическая ритм, эстетический идеал, симметрия, музыкальная гармония, геометризм, эстетическая доктрина, онтологическая эстетика, риторика, калокагатия, катарсис, мимесис.*

*The teachings of Plato and Aristotle played a significant role in shaping the aesthetic views not only of Al-Farabi and Ibn Sina, but of the entire Arab-Muslim world of the Middle Ages. Plato's aesthetics is included in the samples of the high classics of the ancient era, he abandoned the Pythagorean theory of the "sphere" and the Heraclitean theory of flow. Plato's aesthetics is included in the samples of the high classics of the ancient era, he abandoned the Pythagorean theory of the "sphere" and the Heraclitean theory of flow. The great philosopher of his era considered the cosmos, dividing it into physical and essential parts and, reuniting them back, found similarities. Hence, according to Plato, aesthetic consciousness is the unity of internal and external things, knowledge and sensitivity, the whole and the particular, the imaginary and the real. The aesthetic teaching of Plato is not an exact and unchanging system, his aesthetic views are different, sometimes contradictions are observed in them. A number of aesthetic diversities included the categories «number», «rhythm», «measure», «harmony».*

***Key words:** cosmic rhythm, aesthetic ideal, symmetry, musical harmony, geometrism, aesthetic doctrine, ontological aesthetics, rhetoric, kalokagatiya, catharsis, mimesis.*

Аль-Фарбинин, айрыкча Ибн Синанын эстетикалык көз караштарынын бөтөнчөлүгүн түшүнүү үчүн Сократтын максатка ылайыктуулук жөнүндөгү эстетикалык окуусун дагы бир жолу карап чыгуу керек деп эсептээр элек. Кооз нерсе башка бир кооз нерседен айырмаланат, аларда өтө көп айырмачылыктар бар, бирок алардын баарында кандайдыр бир адамды өзүнө тарткан кооздуктун окшош белгилери бар деген пикирди Сократ биринчи болуп айткан [1, 348-б.]. Бул кооздук эстетикалык идеал катары реалдуу-турмуштук көрүнүшүнөн айырмаланат деген өтө оригиналдуу эстетикалык аныктама болуп эсептелет. Сократ боюнча кооздук жана сулуулук бардык кооз буюмдарга тиешелүү болгон өзүнчө бир анык принцип, кооздук менен жакшылыктын биримдиги жөнүндөгү идеяны да Сократ биринчилерден болуп иштеп чыккан.

Сократка чейинки философияда космос ритм жана симметриянын өңүтүнөн каралган, ал эми Сократ болсо космосту логикалык өңүттөн кароого басым жасаган. Кооздук жана сулуулук адамга жакын жана ошол эле учурда түрү суук, куник нерсе да адамга жакын болушу толук мүмкүн, ошондой эле жакшы нерсе жана көрүнүш адамга сөзсүз түрдө адамга жакшылык кылат деп бекемдөө да туура эмес. Сократ эстетикалык кооздукта адамга пайда, ырахат алып келүү принцибин, ал эми искусстводо турмуш – жашоону тууроо принцибин сунуш кылган.

Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын гана эмес орто кылымдагы бүткүл араб-мусулман эстетикасынын жана эстетикалык көз караштарынын калыптанышында Платондун жана Аристотелдин окуулары маанилүү роль ойногон.

Платондун эстетикасы антикалык доордогу жогорку классиканын үлгүсүнө кирет, ал пифагордук «чөйрө» жана гераклиттик агым теорияларынан баш тарткан. Өз доорунун улуу философу космосту физикалык жана маанилү бөлүктөргө ажыратып караган жана кайра алардын окшоштуктарын тапкан. Демек, Платон боюнча эстетикалык аң-сезим бул – ички жана сырткы нерселердин, билим менен сезимталдыктын, бүтүн менен бөлүктүн, кыялдагы нерсе менен реалдуулуктун биримдиги. Эстетикалык аң-сезимдин предмети субстанция катары берилген маанилик жана мааниге ээ эмес көрүнүштөрдүн синтези, муну «тирүү» жандыкка айланган «жан» деп образдуу түрдө айтсак болот. «Тирүүлүк» өзүнүн обьективдүү жашоосунда атайын эстетикалык предмет болуп эсептелет, анын өз жүзү, мүнөзү, ар кандай жагдайга карата мамилеси бар жана кырдаал, абалга жараша өзгөрүүгө учурайт.

Платондун эстетикалык окуусу так жана өзгөрүлбөс система эмес, анын эстетикалык көз караштары ар түрдүү, кээде анда карама-каршылыктарды да байкоого болот. Эстетикалык ар түрдүүлүктүн ичине «сан», «ыргак», «өлчөм», «гармония» категориялары кирет.

Платон преметтин көлөмү, формасы, пропорциясы жана симметриясы өз башталмасына ээ жана ошондой эле алар туруктуу сапаттардын көчүрмөсү катары карап жана алардын ар бири өз өзгөчөлүктөрүнө жараша эстетикалык мааниге ээ болушат деп эсептеген. Аль-Фараби жана Ибн Сина гармониянын рационалдуу концепциясын иштеп чыгуу менен симметрия, форма, гармония, ыргак жана түс чындыктын түрдүүчө өзгөрүшүн камсыз кылуучу каражаттар деп эсептеп, мындай пикирге каршы чыгышкан [4,182-б.].

Платондун пикири боюнча («Пир» диалогу) чындыктын бардык түрлөрү төмөндөн жогору карай ырааттуу түрдө көркөм чындыктын түрлөрүнө айланат, себеби улам арылаган сайын анын ички мазмуну даанараак көрүнө баштайт, мазмун улам ачылган сайын чындык менен анын идеясынын дал келүүсү жакындашат жана көркөмдүгү артат. Платон жансыз буюмдун ички идеясы жана маани-мазмуну даанараак байкалса анда ал көркөм чыгармага айланат деп эсептеген.

Жан дүйнө менен дененин гармониялык айкалышуу идеясы адамдын чыныгы сулуулугун түшүнүүгө алып келет. Платон космосту түшүнүдө кубулуштардын баш-аламан кыймылындагы туруктуу мыйзам ченемдүүлүгү конкреттүү геометризмге алып келген. Анын ою боюнча ар бир асман телосунда өзгөчө тон чыгарып туруучу Сирена отурат жана бардык сегиз тон космостун гармониясын түзөт.

Платондун эстетикасында көпчүлүккө белгилүү жалпы антикалык түшүнүк бар: жогорку көркөмдүк менен иштелип чыккан чыгарма баары үчүн пайдалуу жана ал эстетикалык бышып жетилүүнүн жемиши. Бардык искусстводогу чыгарманы иштелип чыккан жана башкадан алган деп бөлүү менен жана аны алгачкы жаратуучуга артыкчылык берүү менен Платон өзүнүн негизги тезисин сунуш кылат - ар бир жумушту аны мыкты билген кесипкөй адис аткарууга тийиш (бизче айтканда «бөдөнөнү сойсо да касап сойсун»). Анын ою боюнча искусство, биринчи кезекте, кадимки эле өнөр, бирок максималдуу түрдө так, методикалык жактан мыкты жана көркөм уюштурулган чыгарманын үлгүсү жана мына ошондуктан ал адамга эстетикалык рахат тартуулайт, анын жан дүйнөсүн байытат. Искусство жөнүндөгү Платондун окуусунун эң башкысы бул–максималдуу идеялдуулукту жаратуу, башкача айтканда, максималдуу реалдуулукта, тактап айтканда, космос боюнча жогорку акыл менен түзүлгөн идеялардын теорияларын иштеп чыгуу.

Платон өз түшүнүгүндө искусствону космосту башкара алган жогорку акыл-эске гана жеткирип тим болбостон, алгачкы чар-жайыт, эч кандай далил, жүйөөлөр менен бекемделбеген идеяларга да кайрылып, алардын алгылыктуу жактарын пайдаланган. Ал космосту акыл-эстүү идеялар гана эмес ой жүгүртүүгө жөндөмсүз баштапкы материя да башкарып тургандын үчүн пайда болгон айрым катастрофалар космостун түбөлүк гармониясын буза албастыгын айткан.

Платондун пикирине ылайык, эң жогорку сулуулукту жана коозлукту түшүнүү менен идеянын материалдашкан формасына ээ боло алабыз. Мындай жогорку кооздук катары ал бүткүл космосту, табияттагы бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды жана жалпы эле жаратылышты атаган. Искусствонун, өнөрдүн жана табияттын окшоштук принциптеринен улам көркөм чыгарма материалдык буюмдардан жана турмуштук баалуулуктардан кескин айырмаланбайт. Демек, платондук эстетиканын доктринасы ар кандай идея материяны жаратарын эске салган.

Платондо искусство жаратылыш менен окшош каралганы менен ал табиятты жан дүйнө менен акыл дүйнөсүнүн жуурулуштуруп карайт. Искусство теориясындагы Платондун интеллектуализми ага искусствону түшүнүүгө жана анын формаларынан рахаттануу жөнүндө баса белгилеген. Туура айкалышкан түс боңкторунан, кооз гүлдөрдөн, татынакай формалардан жана фигуралардан, жагымдуу жыттардан жана үндөрдөн адам баласы рахат ала билүүгө тийиш, аталган кооздуктар адамды азап чегүүдөн алыстатат. Платон өзүнүн «Мыйзамдарында»: «Ар бир адам, чоң киши жана жаш бала, эркин адам жана кул, аял жана эркек – жалпысынан алганда бардыгы көңүл көтөргөн ырларды өзү үчүн дайыма ырдоого тийиш, ал ырлардын башкалар үчүн да түшүнүктүү болуусу зарыл. Ырларды өзүңөр да, башкалар да жагымдуу рахат ала тургандай кылып түрлөнтүп ырдагыла, өзүңөрдүн да, башкалардын да көңүлүн көтөргүлө, кыскасы, ойноп

көңүлдүү жашагыла», - деп так кесе айткан [5, 41-б.].

Платондун искусствосун тууроо анын теориясына болгон мамилесине тыкыр талдоо жүргүзбөй туруп түшүнүүгө мүмкүн эмес. Ал тарабынан тууроо объективдүү бытиеге жакындашпаган субъективдүүлүккө тиешелүү көрүнүш катары каралат.

Платон акын көрүнүштү же кайсы бир окуяны тууроо менен чыгармасынын көркөмдүүлүгүн арттырат, оригиналдуу ойлорду жаратат, көркөм тууроо аркылуу автор чыгармасын элестүү бере алат деп белгилейт. Бирок, тууроо дегенди окуя, көрүнүштү түздөн-түз натуралдуу түрдө берүү деп түшүнбөшүбүз керек, чыгарманы окуу менен окурманда көркөм элестин пайда болуусу тийиш деп атайт.

Жогоруда айтылгандай, Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын эстетикалык көз караштарынын калыптанышында Аристотелдин окуулары өзгөчө роль ойногон. Стагириттин бизге келип жеткен «Поэтикалык искусство жөнүндө», «Риторика», «Саясат» жана «Поэтика» аттуу трактаттары эстетикалык идеялар менен байланышкан.

Аристотелдин эстетикалык көз караштарына талдоо жүргүзүүнү биринчи кезекте Биримдиктен, Акылдан, Жан дүйнөдөн жана Космостон турган онтологиялык эстетиканын негизги төрт принцибине түшүнүк берүүдөн баштоо керек. Ал бүтүн эйдостун биримдигин (үзгүлтүксүздүктүн, роддук түшүнүктүн биримдигин) четке кагып, биримдиктин, тактап айтканда, өлчөмдүн биримдигинин жаңы түшүнүгүн сунуш кылат. Буюм, нерсе жалпысынан бир бүтүндүк, анын бөлүктөрүнүн суммасы.

Аристотелдин окуусу байыркы дүйнөнүн эстетикалык баалуулук жөнүндөгү көз караштарын бир тартипке келтирген, ал жогорку сулуулук менен коздукка жандуу нерсе жана космостук сезимдин акыл энергиясы менен жанданган кубулуш катары мүнөздөмө берет [1, 63-б.].

Аристотель сулуулук жана моралдын эки көрүнүшүн бөлүп карайт: биринчиси – сулуулук менен моралдын өзүнүн принциптери, алардын идеялык мааниси; экинчиси – принциптин өзүнө ар түрдүү деңгээлде жакындап жана андан алыстап туруучу бул түшүнүктөрдүн иш жүзүндөгү мазмуну. Калокагатия материалдык жыргалчылыкты түзүүнүн жана аны колдонуунун негизинде мораль менен сулуулуктун өз ара ички биригүүсү жана бири-бирине кошулуусу болуп саналат. Турмуштагы бардык материалдык жыргалчылык өз орду менен пайдаланууга тийиш, бирок ал эскирбесин жана өз маанисин жоготпосун, ал тургай тынымсыз өркүндөп турсун [2, 61-б.].

Аристотелдин эстетикасын түшүнүү үчүн анын катарсис (тазалануу) жөнүндөгү окуусу жөнүндө айта кетүү зарыл. Ал бардык ички күчтөр калыптануу жана өсүү менен жан дүйнөнүн, акылдын биримдигине айланат деп эсептейт. Акылдын өсүшү жана туура багыт алышы – жан дүйнөнүн эң жогорку чекити, мына ошондуктан катарсис – акыл-энергетикалык абал, анда курук жана эрктик умтулуу жок, бул эрктик актылардан жогору турган жан дүйнөнүн абалы. Аристотель «Поэтика» эмгегинде «катарсис» терминин искусствого карата колдонот, ал үчүн катарсис трагедиялык чыгармачылыкка багыт алуу. Катарсис трагедиянын жана максаттын коюлуу принциптерин аныктайт, алар катарсисте турмуштук чындыкка айланат. Катарсистин эстетикасын түшүнүү үчүн эмоция чоң мааниге ээ, ал көркөм чыгарманын өзүнөн чыгат, көркөм чыгарманы көркөм жана акыл-эс менен түшүнө билүүсүн күбөлөндүрөт.

Катарсис – искусствонун формаларынын бири: ал реалдуулукту эмес анын көрүнүшүн жана адамга сезилишин, көркөм фактыны эмес анын бүтүндүгүн жана ар тараптуу касиеттерин чагылдырат. Искусство аркылуу кабыл алынган ички дүйнөнүн тажрыйбасы адамга терең таасир этет, анын сезимин жана ички дүйнөсүн ойготот. Искусстводо так кесе «ооба» же «жок» деген жооптор болбогону менен кандайдыр деңгээлдеги бекемдөө же четке кагуу дайыма болот.

Тууроо – бул адам баласы кичине кезинен таанныш болгон чыгармачылык жана адам бул касиети менен башка жаныбарлардан айырмаланат, тууроо аркылуу бала сүйлөгөндү үйрөнөт, сырткы дүйнөнү таанып-билет, жаш бала маанисин түшүнбөсө да чоңдорду туурап сүйлөгөнгө аракет жасашы анын тилин көнүктүрөт жана акылын өстүрөт. Адам баласы кандайдыр бир үндү тууроо же бир нерсени окшотуп жасоо жана сүрөтүн тартуу аркылуу өзү канааттануу алат, башкаларга эстетикалык рахат тартуулайт.

Аристотель боюнча мимесис искусствонун маңызы, анын өзгөчө табияты жана жалпы эле турмуш чындыгын аңдап түшүнүү. Мындан сырткары, мимесис «тууроо искусствосунун» жөн гана мүнөздөмөсү эмес, ал ар кандай өнөр ишине чыгармачылык менен мамиле жасоо, дүйнөнү көркөм тааный билүү. Аристотелдин «Поэтикасында» мимесисти жалпы принцип сапатында сунуштайт, кийинчерээк мимесис «көркөм искусство» деген атка көчкөн, дүйнөнү көркөм таануу жана көркөм чагылдыра билүү инсандан чыгармачыл жөндөмдү талап кылган өзгөчөлүк.

Аристотель искусствонун жаралышын коздукту тууроо жана андан рахат алуу менен байланыштырат. Адатта, жөнөкөй тил менен айтканда тууроо дегенди кандайдыр бир нерсени жөн гана тууроо деп түшүнөбүз, бул али таптакыр искусство эмес, ал жөн гана бир нерсенин жөнөкөй көчүрмөсү, искусство – бул кайра жаратуу, жансыз нерсеге жан киргизүү, кайсыл бир көрүнүштүн, кубулуштун ички мамилесин түшүнү.

Эстетикалык ой-жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүшү эллинизм доору менен байланышкан. Грек классикасындагы байланыштуулуктун, бири-бирине болгон

көз карандылыктын диалектикалык түпкүрү эллинизм доорунан башталат. Жаңы шарттарда индивидиум дифференциялаш-тырылган жана өз алдынча субъективдүү психика менен калыптанат. Өзүнө өзү терең анализ жасоого умтулган субөективдүү сезимдердин жана адамдын ар тараптуу ой жүгүртүүсүнүн маданияты пайда болот. Эллинизмдик искусстводо сырткы мазмундан дээрлик ажыраган жана тереңдетип ой жүгүртүүгө багыт алган форманын атайын культу жаралган.

Эллинизм искусствосуна жана адабиятына риторика, фантастика, акылдык жана эмоционалдык эквилибристика таандык. Байыркы натурфилософиянын жана грек классикасынын материалисттик традициясы кийинчерээк теологиялык багытта кайрадан иштелип чыккан. Байыркы дүйнөнүн мифологиясына тиешелүү баңолук жана жөнөкөйлүк акырындап философияга жана диалектикага мистикалык, аскеттик жана акыл-эстин практикалык методикасына өткөн.

Орто кылымдагы араб-мусулман эстетикасынын калыптанышы үчүн неоплатонизм эстетикасы чоң роль ойногон. III-IV кылымдарда неоплатонизм философиясынын багыты, алардын оюу боюнча, грек философиясынын акыркы этабы гана болбостон антик доорундагы жалпы ой жүгүртүүнүн жетишкендиктеринин синтези болгон.

Аль-Фарабинин жана Ибн Синанын окуусундагы эманациялык (философияда-жаңы пайда болгон көз караш) идеялар дүйнөнүн жок нерседен жасалгандыгы жөнүндөгү ортодоксалдык тезистерге каршы чыгып, пантеизмдик көз караштарга жакын келет. Бирок да бул окуулар жана көз караштар бири-бирине жакын келгени менен алардын ар биринин өз алдынчалыгы бар. Аль-Фарабинин системасында эманация жөнүндөгү окуу «Ыймандуу шаардын жашоочуларынын көз караштары» (Взгляды жителей Добродетельного города) аттуу трактатында чагылдырылган. Плотинде эманация материалдык дүйнөнүн деңгээлине чыгып, кайра акырындап караңгылыкка айланат, ал эми Аль-Фарабиде анын аракети асман дүйнөсү менен гана чектелет, а материя Плотиндегидей терс мааниде болот.

Ибн Синада эманациялык доктрина философиянын практикалык жана теориялык корутундуларын бири-бирине ылайык келтирүү үчүн колдонулуп, адамдык деңгээлге чейин жеткирилген. Ал адамзат үчүн Кудайга карай артка кеткен жолду – өнүгүүнүн баскычтарынын артка кеткен иерархиясын ачкан. «Сүйүү жөнүндөгү трактатында» эманациялык теория Кудай аркылуу башталыш, теофония концепциясы менен алмаштырылып, бул окуу мусулман пантеизминин тарыхында маанилүү ролду ойногон. Теофония концепциясынын маңызы боюнча Кудай адамга болгон сүйүүсү аркылуу улуу сулуулугун ачыкка чыгарат, адам сулуулукка болгон сүйүүсү аркылуу Кудайды таанып-билүүгө, аны менен жакындашууга карай көтөрүлөт.

Антикалык эстетикада улуу араб–мусулман ойчулдары Аль-Фарабинин жана Ибн-Синанын эстетикалык көз караштарынын калыптанышы жана турмуштан түбөлүк ордун табыш үчүн бир катар проблемалар каралып чыккан жана изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Антик авторлорунун эмгектеринде искусствонун маңызы, эстетикалык кабыл алуунун табияты, эстетикалык тарбия берүүнүн максаты жана анын каражаттары, эстетиканын «гармония», «кооздук жана сулуулук», «ыргак», «симметрия», «өлчөм» сыяктуу негизги категорияларынын мазмуну өңдүү негизги проблемалар изилденген жана кайрадан иштелип чыккан.

Байыркы грек окумуштуулары Гераклиттин, Платондун, Аристотелдин, пифагорчулардын, неоплатончулардын ж.б. идеялары Аль-Фарабиге жана Ибн Синага баштапкы материал гана болбостон, ички дүйнөлүк жана нравалык платформа, алардын дүйнө таанышы үчүн зарыл маалымат булагы катары кызмат кылган.

**Адабияттар:**


1. Аристотель. Сочинения [Текст]: в 4 т. / Аристотель. - М.: Мысль, 1984. - Т.4: Поэтика. - 830 с.
2. Лосев А.Ф. Классическая калокагатия и ее типы [Текст] / А.Ф. Лосев // Вопр. эстетики. - М., 1960. - В. 3. - С. 411-475.
3. Лосев А.Ф. История античной эстетики [Текст] / А.Ф. Лосев. - М.: Искусство, 1963. - Т.1. - 624 с.
4. Лосев А.Ф. Эстетика Возрождения [Текст] / А.Ф. Лосев. - М.: Мысль, 1978. - 623 с.
5. Платон. Сочинения [Текст]: в 3 т. / Платон. – М.: Мысль, 1972. - Т. 3. - 678 с.
6. Исаков К.А., Бердиев А.Т. Катаал мезгилде кайнап чыккан улуу инсан-Абдыкадыр Орозбеков / А.Т. Бердиев // Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2019. - №10. - С. 71-74-101. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/10/
7. Бердиев А.Т., Султанова С.Т., Мапаев Б.А. Абдыкадыр Орозбеков-мамлекеттик ишмер жана улуттук интеллегенциянын көрүнүктүү өкүлү / А.Т Бердиев // Известия вузов Кыргызстана. . – Бишкек, 2019. – №10. – С. 96-101. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/10/